И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

Магистратуранын жогорку мектеби факультетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

2019-жылынын 1-ноябрындагы №4 протоколу

ОКнин төрагасы Кадыров Ч.А.

ОКнин катчысы Асаналиева Э.У.

**КАТЫШКАНДАР:** Атабеков К.К., Ашырбаев Б.Ы., Батырканов Ж.И., Дыканалиев К.М., Иманакунова Ж.С., Исраилова Н.А., Кармышаков А.К., Омуров Ж.М., Орозбаев К.О., Раззаков М.И., Рысбаева И.А., Салиев А.Б., Самсалиев А.А., Тамабаева Б.С. (келгендерди каттоо барагы бекитилген).

Күн тартиби:

1. МЖМ факультетинин иш пландарын бекитүү:

- ОК отурумунун планы;
- окуу иштери боюнча иш планы;
- илимий иштери боюнча иш планы;
- ОУ комиссиясынын иш планы;
- Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш планы

(баяндамачы МЖМФнин деканы Кадыров Ч.А.)

2. Жайкы сынактык сессиянын, практиканын жана жайкы семестрдин жыйынтыктары (баяндамачы МЖМФнин ОИ боюнча орун басары Асаналиева Э.У.)

3. 2019-2020- окуу жылына магистрлерди кабыл алуу планын аткаруу боюнча МЖМ факультетинин техникалык комиссиянын отчету (баяндамачы МЖМФнин тех.комиссиясынын төрагасы Байгазиев М.С.)

4. 700500 «Мехатроника жана робототехника» багыты боюнча негизги билим берүү программасын талкуулоо жана бекитүүгө сунуштоо.

5. Ар кандай маселелелер.

**1 – МАСЕЛЕ**

**УГУШТУ:** МЖМ факультетинин деканы Кадыров Ч.А. күн тартибиндеги маселелер менен таанышытырып, талкууго сунуштады. Сунуш бир добуштан өзгөртүүсүз кабыл алынды.

Кун тартибиндеги 1-маселе Окумуштуулар кеңеши тарбынан кенештин отуруму 2 айда 1 жолу болушун сунуш кылынды жана ал 1 добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кенешинин отурумунун, окуу, илимий, окуу-усулдук комиссиянын иштери боюнча жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын пландары талкууланып бир добуштан кабыл алынды.

1-маселе боюнча чыгып сүйлөгөндөр:

Орозбаев Кылыч Орозбаевич: - Магистранттардын илимий жетекчилери, илимий темалары кафедрада гана бекитилишин сунуштады.

Омуров Жыргалбек Макешович: - Илимий темалардын шайкеш, окшош болуп калбашы үчүн, илимий жетекчилерде магистранттардын саны жобо боюнча аткарылышын көзөмөлгө алууда факультеттин Окумуштуулар кеңешинде талкууланышы керек.

Салиев Алишер Бөрүбаевич: - Биргелешкен билим берүү программаларында кабыл алуу комиссиясынын иштөө мезгили жана окуу процесстин графигин өнөктөш келишим түзүлгөн Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын окуу процессинин графиги менен шайкеш келтирилиши керек. Себеби, биргелешкен билим берүү программаларында окуган магистранттар окуу графиктери шайкеш келбегендиктен кыйналып жатышат.

Батырканов Жениш Исакунович: - Окуу-усулдук комиссия ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, окуу-усулдук комиссиясынын төрайымына Электр энергетикасы кафедрасынын доценти Иманакунова Женишгул Сартпаевнаны сунуштайм.

Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

- ОК отурумун планы;
- окуу иштеринин планы;
- илимий иштери боюнча иш планы;
- ОУ комиссиясынын иш планы;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш планы;
- Батырканов Жеңиш Исакуновичтин сунушу боюнча ОУ комиссиясынын төрайымы болуп Иманакунова Ж.С. кабыл алынсын.

**2 – МАСЕЛЕ**

Жайкы сынактык, практиканын жана жайкы семестрдин жыйынтыктары (баяндамачы МЖМФнин окуу иштер боюнча орун басары Асаналиева Э.У.)

Асаналиева Эльмира Усенгазиевна: Жайкы сынактык сессиянын жыйынтыктары боюнча анализ түрүндө кыскача маалымат берди.

Маалыматтын негизинде: факультет боюнча магистранттардын окууга жетишүүсү 80% түздү, 20% финансылык жана башка башка себептер менен жетишпеген магистранттарды түзөт. Жалпы сессияга катышкан магистранттардын саны 189, ал эми 7 магистрант сессияга катыша алган жок.

1-курста окуган магистранттардын саны 204. Жалпы университет боюнча факультеттин окууга жетишүүчүлүгү боюнча алдынкы факультеттин катарына кирет. Ушуну менен катар факультетте кемчиликтер да бар, аларды атап айтсак:

- Магистранттардын сабакка катышуусу начар, кафедраларда компетенттүү илимий жетекчилердин аздыгы, лабораториялык базалардын эскиргендиги.
- Окуу планы боюнча магистранттардын өндүрүштүк практикасы 24-июндан 3-августка чейин профилдик билим берүү программаларынын багыттарынын негизинде өндүрүш мекемелеринде өттү. Кафедраларда өндүрүштүк практикасына керектүү окуу-усулдук көрсөтмөлөр менен

камсыз кылынган. Бардык кафедраларда өзүлөрүнүн профилдик багыттары боюнча өнөр жай мекемелери менен магистранттардын практиканы өтүү үчүн келишимдер түзүлгөн. Практиканын сапаттуу өтүшүн камсыз кылууда кафедрадан жана өндүрүштөн бирден жооптуу адам буйрук менен бекитилген. МЕНм-1-18 группасында жана ПМм-1-18 группаларында окуу планы боюнча өндүрүштүк практика каралган эмес. Жалпылап айтканда, өндүрүштүк практика факультетте ийгиликтүү өттү.

Жайкы семестрге 14 магистрант 22 сабак боюнча AVNге катталды. Катталган магистранттардын баары сентябрдын 1инен 28-сентябрга чейин окуп 30-сентябрда ийгиликтүү сынактарын тапшырышты. Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

- 2018 – 2019 – окуу жылынын жайкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы канааттандырарлык деп эсептелсин;

- деканат жана кафедра башчылары академиялык календарга жараша иш-чаралардын өз убагында аткарылышын көзөмөлдөө. (Жооптуулар: деканат, кафедра башчылары, ББП башчылары, аткаруу мөөнөтү жыл ичинде).

- деканат жана кафедра башчылары, магистранттардын өз убактысында катталуусун жана катышуусун, окууга жетишүүсүн жогорулатуу үчүн иш-чаралдардын иштеп чыксын (Жооптуулар: деканат, кафедра башчылары, ББП башчылары, аткаруу мөөнөтү жыл ичинде).

**3 – МАСЕЛЕ.**

2019 – 2020 - окуу жылына магистрлерди кабыл алуу планын аткаруу боюнча МЖМ факультетинин техникалык комиссиянын отчету
(баяндамачы Байгазиев Мирбек Сагынбаевич).

Байгазиев Мирбек Сагынбаевич: 2019 – 2020 – окуу жылына магистранттарды кабыл алуу планын аткаруу боюнча МЖМ факультетинин техникалык комиссиясы төмөнкүлөрдү билдирет:

- 2019 – 2020 – окуу жылына 250 магистрант кабыл алынып, анын ичинен күндүзгү окуу бөлүмүнө 208, сырттан окуу бөлүмүнө 28 жана ЭжТ институтуна 14 кабыл алынды;
- Техникалык комиссия алдын ала бекитилген жобонун негизинде иш алып барды;
- Контракттык негизде 2019 – 2020 – окуу жылына карата ар бир кафедрадан сунуштарды топтоп, деканат менен бирдикте магистранттарды кабыл алуу планын түздү;

Алдын ала үгүттөө, профориентациялык иштерди жүргүзүү үчүн кафедралар менен бирдикте маалымат буклеттерди даярдады. Жыйынтыктап айтканда, кабыл алуу техникалык комиссиясы өз ишин ийгиликтүү алып барды. Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

- Магистратурага документерди кабыл алуу иштерин 1-августунан 30-сентябрга чейин уюштурулсун (Жооптуулар: декан, тех.комиссия, аткаруу мөөнөтү 1-июнь 2020-жыл);
- Деканат жана кафедра башчылары 2020 – 2021 – окуу жылына бюджеттик жана контракттык негизде кабыл алуу планын даярдоодо, өткөн жылдардын статистикасын жана эмгек рыногунун керектөөсүн эске алып, реалдуу кабыл алуу планы берилсин (Жооптуулар: кафедра башчылары, техникалык комиссия, деканат аткаруу мөөнөтү март 2020 жыл).

**4 – МАСЕЛЕ.**

**УГУШТУ:** «Автоматташтыруу жана робототехника» кафедрасынын башчысы Самсалиев Анвар Амантаевич, 700500 «Автоматташтыруу жана робототехника» багыты боюнча жогорку профессионалдык билимдин

негизги билим берүү программасы менен ОК мүчөлөрүнө тааныштырды жана талкуугa алынды.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

700500 «Мехатроника жана робототехника» багыты боюнча жогорку профессионалдык билимдин негизги билим берүү программасы бекитүүгө сунушталсын.

**ОКнин төрагасы** **Кадыров Ч.А.**

**ОКнин катчысы** **Асаналиева Э.У.**